

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСТУК УСУЛДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРУ

# *Окуучунун жан дүйнөсүн толкуткан,*
# *Тил, адабият сабактарын окутам…*

Жалал-Абад облусу, Аксы району, Эрмамат Даникулов атындагы №24 Кызыл-Капчыгай жалпы орто билим берүүчү мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Н.Нарымбетованын иш-тажрыйбасынан

Илим менен билимге көпүрө – тил,
Көкөлөткөн адамды тили деп бил.

(Ж.Баласагын)

Капчыгай айылы

2022-жыл



# Нарымбетова Назгул Канатбековна

- 1977-жылы 20-февралда туулган.
- Мектеп жашына чейин бала бакчада тарбияланган.
- 1983-1993-жылдары №4 Успеновка орто мектебинде окуган.
- 1993-1997-жылдары Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ИПФны аяктаган.
- 1997-жылдан тартып №24 Кызыл-Капчыгай орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп эмгектенип келет.
- Үй-бүлөлүү, 1 кыз, 3 уулдун энеси.

11-класс Кыргыз тили

**Сабактын темасы: Энчилүү аттардын жазылыш эрежелери**

| **Сабактын максаты:** | **Көрсөткүчтөр:** |
|---|---|
| а) Окуучулар энчилүү аттардын жазылыш эрежелери боюнча алган билимдерин бышыкташат, алган билимдерин күндөлүк жашоосунда колдоно алышат.<br>б) Окуучулар эске тутуусун, сабаттуулугун, ой жүгүртүүсүн, сүйлөө кебин, аң сезимин өстүрүшөт.<br>в) Окуучулар адептүүлүккө, маданияттуулукка, башкалардын пикирин уга билүүгө, сыйлоого тарбияланышат. | - Энчилүү аттарды жаза алышса;<br>- Энчилүү аттар, татаал сөздөрдүн жазылышы боюнча алган билимдерин бышыкташса;<br>- Тема боюнча өз ойлорун эркин, көркөм баяндай алышса;<br>- Өз алдынча иштей алышса;<br>- Башкалардын пикирин уга билип, урматтай алышса. |

**Сабактын компотенттүүлүгү:**

1. Маалыматтык;
2. Социалдык коммуникативдик;
3. Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү.

**Сабактын тиби:** интеллектуалдык таймаш

**Сабактын усулу:** интерактивдүү усул

**Сабактын жабдылышы:** таркатмалар, слайд, маркер, ватман, таблица ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

| **Убакыт** | **Мугалимдин ишмердүүлүгү:** | **Окуучунун ишмердүүлүгү:** |
|---|---|---|
| 3 мүн. | **I. Уюштуруу**<br>Саламдашуу. Сабактын максаты менен таанышты-руу. Окуучулардын келечекке койгон максаттарын көгүчкөн формасындагы таркатмаларга жазып, «Ата-эне, мектеп» деген таблицага илдирүү. | Саламдашышат. Сабактын максатын угушат, түшүнүшөт. Көгүчкөн формасындагы таркатмаларга тилек-максаттарын жазып илишет. |
| 6 мүн. | **II. Үй тапшырмасын бышыктоо:**<br>1. Быйыл, жыланайлак, бүрсүгүнү, таяке…<br>а) кош сөз б) татаал сөз<br>в) бириккен сөз г) сырдык сөз<br>2. Асыресе, тирикарак, жексур…<br>Сөздөргө мүнөздөмө бер. | Окуучулар үй тапшырмасын тест иштөө менен бышыкташат |

| | | |
|---|---|---|
| <br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>10 мүн. | а) түгөйлөрүнүн бири мааниге ээ эмес<br>б) Эки түгөй тең мааниге ээ эмес<br>3. Туура жазылган сөздөрдү белгиле<br>а) коңкарга, колган, ишенимгат<br>б) коңгарга, кол кап, ишеним кат<br>в) коң карга, кол кап, ишеним кат<br>г) коңгарга, колгап, ишеним кат<br>4. Кош сөздөрдү белгилегиле<br>а) вице-премьер-министр, чү-чү, статс-катчы,<br>б) бак-таалай, таш-бака, көз-айнек, өтө-кооз<br>в) улуу-кичүү, бала бакыр, өтө кооз, мала кызыл<br>5. Туура жазылган татаал сөздөрдү белгилегиле<br>а) келатат, кара мүртөз, арык чырай, кириш-чыгыш, врач-терапевт<br>б) келе атат, кара мүртөз, арык-чырай, киришчыгыш, врач-терапевт<br>в) келетат, кара-мүртөз, арыкчырай, кириш чыгыш, врач терапевт<br>г) кележатат, карамүртөз, арыкчырай, кириш-чыгыш, Врач-Терапевт<br><br>**III. Жаңы тема**<br>**1. «Билим куржун»**<br>Таркатмаларга упай жазылат, артына суроолор жазылат.упай жогорулаган сайын суроолор да кыйындай берет.<br>«Билим куржун» суроолору<br>1. «Орфография» деген термин кайсы тилден кирген?<br>2. Кыргыз орфография негиздөөчүлөрү...<br>3. Кыргыз орфографиясынын негизги принциптери…<br>4. Кыргыз орфографиясынын негизги эрежелери…<br>5. Адам аттары бир нече сөздөрдөн турса, кантип жазылат?<br>6. Адам атына ылакап аты катар колдонулса кантип жазылат.?<br>7. Адамдын аты-жөнүнө келини, кызы, уулу деген сөздөр кошулуп айтылса, кантип жазылат? | <br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>Окуучулар «Билим куржундагы» таркатмалардагы суроолорго жооп берип, упай топтошот.<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>Таркатмадагы суроолорго жооп беришет |

| | | |
|---|---|---|
| | 8. Энчилүү аттар кандай учурда жалпы ат катарында колдонулат?<br>9. Айбанаттардын аталыштары кандай жазылат?<br>10. Континенттердин аталыштары кандай жазылат?<br>11. Энчилүү аттар жөнүндөгү илим…<br>12. Тарыхый окуя, майрамдардын аталыштары кандай жазылат?<br>13. Кызмат орун, наам, даража, чин ж.б. кантип жазылат?<br>14. Кандай учурда энчилүү аттар тырмакчага алынып жазылат?<br><br>**2. Категориялар**<br>1. Антропономика<br>2. Топонимика<br>3. Гидронимика<br>4. Космонимика<br><br>**1. Антропономика:**<br>1. Адам аттарын изилдөөчү лексикологиянын бир бөлүгү эмне деп аталат?<br>2. Адам аты, фамилиясын ташымалдоого болобу?<br>3. Кандай учурда адам аттары айрым-айрым жазылат?<br>4. Адам аттары кандай учурда кичине тамга менен жазылат?<br>5. Кыргыз тилинде адам аттары «ь» менен аяктайбы?<br>6. Орус тилинен кирген адам аттары кандай жазылат?<br>7. Мифологиялык адам аттары кандай жазылат?<br>8. «Джон», «Джек», «Джеймс» сыяктуу аттар кыргыз тилинде кандай жазылат?<br><br>**2. Топонимика:**<br>1. «Топонимика» деген эмне?<br>2. Кошмок сөз тибиндеги географиялык аталыштардын жазылышы?<br>3. Алайкуу, Улакол, Кызарт, Көгарт, Каракол  сыяктуу географиялык аталыштар эмне үчүн биригип жазылат? | Жеңген окуучулар категорияларды тандашып, андагы суроолорго жооп берүү менен упай топтошот. |

| | | |
|---|---|---|
| | 4. Толук мааниге ээ болгон татаал энчилүү аттар кандай учурда дефис коюлбай айрым-айрым жазылат?<br>5. Географиялык энчилүү аттарга -лык мүчөсү уланып жазылса, кантип жазылат?<br>6. Океан, кысык, деңиз, канал, арал деген сөздөр энчилүү аттар менен катар келсе, баш тамга менен жазылабы?<br>7. Түндүк, түштүк, батыш, чыгыш деген сөздөр географиялык татаал энчилүү аттын тутумунда келсе, кантип жазылат?<br>8. Географиялык энчилүү аттар белгилүү жол каттамын билдирип турса, кандай жазылат?<br><br>**3. Гидронимика:**<br>1. «Гидронимика» деген эмне?<br>2. Океан, деңиз, дарыя сөздөрү энчилүү аттар менен айкашып келген учурда кандай жазылат?<br>3. «Деңиз», «дарыя» сөздөрү «кара дарыя», «кара деңиз», «ак деңиз» деген кошмок сөз түрүндөгү энчилүү аттарда кандай жазылат?<br>4. «Нарын» аталышы кайсы тилден кирген, эмне деген маанини билдирет?<br>5. «Батыш атлантика» кандайча жазылат?<br>6. «Атлантиканын батышы» деген кандайча жазылат?<br>7. Деңиз, океан, суу жолдорундагы каттамдар кандай жазылат?<br>8. Эмне үчүн Итагар суусунун аталышы биригип жазылат?<br><br>**4. Космонимика:**<br>1. «Космонимика» деген эмне?<br>2. Асман телолору, жылдыздардын, комета, метеориттердин аталыштары кандай жазылат?<br>3. Жер, күн, ай сөздөрү кантип жазылат?<br>4. Башка тилден кирген космонимдер кандай жазылат? | |

| | | |
|---|---|---|
| | 5. Космонимдер менен катар галактика, тумандуулук, астероид деген сөздөр айкалышып келсе, кандай жазылат?<br>6. Космонимдер кандай учурда тырмакчага алынып жазылат?<br>7. «Жылдыз» сөзү баш тамга менен жазылабы?<br>8. «Саманчынын жолу» сөзү кандай жазылат?<br><br>**3. Иийгилик зиг-загы:**<br>Таркатмалардагы суроолорго жооп берүү. Таркатмаларга суроолор жазылып, суроолор көрүнүп турат, ал эми ички жагына акча салынат. Таркатмалардын бирөөсүнө «ийгилик» деп жазылат. «Ийгилик» сөзү чыккан окуучунун ушуга чейинки топтогон упайы атаандашына өтөт. Жеңүүчү белгилнет.<br>1. Логикалык суроо:<br>Бул «машина» такыр кыймылдатууга арналган эмес. Бирок анын «жолун» эске алсак, ал дүйнө жүзү боюнча жүрөт, унаалар, учактар басып өткөн аралыктан ашып кетет. Баарыбыз билген бул машинанын аты эмне?<br>2. Майрамдардын аталышы баш тамга менен жазылат, эгерде майрамдын аталышы сан менен башталса кантип жазылат?<br>3. Министр, президент, деректир  деген сөздөр энчилүү ат менен келгенде кандай жазылат?<br>4. Наам, даража, чин кичине тамга менен жазылат, кандай учурда баш тамга менен жазылат?<br>5. Мамлекеттик жана мамлекттик эмес мекеме, коом, ишкана, фонд, уюмдардын аталыштары кандай жазылат?<br>6. «кыргыз республикасы» кандай жазылат? | Акыркы этапка 2 окуучу тандалат.  Окуучулар таркатмадагы суроолорго жооп беришет.<br><br><br>Көп упай топтогон окуучу жеңүүчү аталат. |

| | | |
|---|---|---|
| | **IV. Бышыктоо**<br>Көгүчкөн формасындагы таркатмаларды «Келечек» деп жазылган таблицага орфографиялык эрежелерден бирден айтып, орун алмаштыруу менен сабак бышыкталат. | Окуучулар тилек максаттары жазылган таркатмаларды «Келечек» деп жазылган таблицага сабакта өтүлгөн орфографиялык эрежелерден бирден айтып, орун которуу менен сабакты бышыкташат. |
| | **V. Жыйынтыктоо**<br>«Жакшы тилек жарым ырыс» дегендей, биз сабагыбызды келечекке койгон жакшы тилек максаттарыбызды жазуу менен баштаганбыз. Силерди мамлекттин ар тараптуу өнүгүшүнө өз салымын кошкон элсүйөр, мекенчил атуулдардан болот деп толук ишенемин. Ким болбойлу, кайда болбойлу катасыз, туура жазган сабаттуу адам болосуңар деген ойдомун.<br>Ката жазган учурда да абройлуу адам боло алам десеңер, жаңыласыңар. Туура, акчалуу бай, таанымал саясатчы болушунар мүмкүн, бирок, сабатсыз туруп, абройго ээ боло албайсыңар. Жөнөкөй кесип ээси болуп туруп, сабаттуу болгон адам өз чөйрөсүндө чоң сыйга, абройго ээ болот. Келгиле, балдар, сабаттуу болуу үчүн ар дайым аракеттенели.<br>**VI. Тапшырма:**<br>**VII. Баалоо:**<br>Топтогон упайлары боюнча бааланат | Мугалимдин жыйынтыктоосун угушат, түшүнүшөт. |

8-класс Кыргыз адабияты

**Сабактын темасы: *Жеңижок «Аккан суу»***

| **Сабактын максаты:** | **Көрсөткүчтөр:** |
|---|---|
| а) Окуучулар Жеңижок акындын «Аккан суу» чыгармасын окуу менен андагы философиялык, экологиялык, адеп-ахлактык маселелерин, ырдын маанисин, темасын, идеясын түшүнүшөт.<br>б) Окуучулар ой жүгүртүүсүн, аң-сезимин, сүйлөө кебин, эске тутуу жөндөмүн өстүрүшөт.<br>в) Окуучулар Ата Мекенин, анын жаратылышын сүйүүгө, жаратылыш байлыктарын сактоого, сууну үнөмдөөгө, баалай билүүгө тарбияланышат. | - Жеңижок акындын «Аккан суу» чыгармасы менен таанышышса;<br>- чыгарманын идея, темасын түшүнүшсө;<br>- Чыгарманын текстин көркөм окуй алышса;<br>- Ой жүгүртүүсүн, аң-сезимин, сүйлөө кебин, эске тутуусун өстүрө алышса;<br>- Түшүнүгүн, өз оюн эркин, көркөм баяндап бере алышса;<br>- Ата Мекенин, анын жаратылышын сүйүү сезими ойгонсо; |

**Сабактын компотенттүүлүгү:**

1. Маалыматтык;
2. Социалдык коммуникативдик;
3. Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү.

**Сабактын тиби:** топ менен иштөө

**Сабактын усулу:** интерактивдүү усул, дедуктивдүү усул

**Сабактын жабдылышы:** Буклеттер, видео-ролик, слайд, таркатмалар, маркер, ватман ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

| **Убакыт** | **Мугалимдин ишмердүүлүгү** | **Окуучунун ишмердүүлүгү** |
|---|---|---|
| 3 мүн.<br><br><br><br><br><br>7 мүн. | **I. Уюштуруу**<br>Саламдашуу. Ай, күн, жыл жөнүндө суралат. Сабактын максаты менен тааныштыруу. Жагымдуу жагдай түзүү. (Чыныга куюлган сууга тилек айттыруу).<br><br>**II. Үй тапшырмасын бышыктоо:**<br>Тест менен иштөө<br>1. Жеңижок акындын өз аты:<br>● Көкө Өтө уулу<br>● Көкө уулу Өтө | Саламдашышат.<br>Сабактын максатын угушат, түшүнүшөт.<br><br>Сууга тилек айтышат.<br>Суроолорго жооп беришет. |

| | | |
|---|---|---|
| | Көкө уулу Жеңижок<br>Жеңижок уулу Өтө<br><br>2. Акындын туулган жери, жылы:<br>Аксы, Кара-Суу айылы, 1864-ж.<br>Аксы, Кербен айылы, 1860-ж.<br>Талас, Кара-Буура айылы, 1860-ж.<br>Талас, Сары-Көбөн айылы, 1860-ж.<br><br>3. Аксыга кантип келип калат?<br>Айылдаш манап жугуштуу оорудан коркуп, өлтүрөрүндө, манаптын жигиттери Аксыга качырып жиберишет.<br>Таякелериникине айылдап келип, калып калат.<br>Көксулууга үйлөнүп, кайын журтунда калып калат.<br>Аксыда туулуп, жашап өткөн.<br><br>4. Кантип Жеңижок аталып калган?<br>Кербен базарында ырдап жатканын көргөн Нурмолдо «Жеңижок» деп ат берет.<br>Кербен базарында Нурмолдо менен айтышканын көргөн эл: «Жеңи жок кийген кыйын экен» деп ылакап ат беришкен.<br>Өз аты Жеңижок болгон.<br>Кичинесинде өтө тентек болгондуктан, Жеңижок аталган.<br><br>5. Акын качан, кайда дүйнөдөн өткөн?<br>1918-ж., Аксы, Кара-Суу айылында<br>1921-ж., Аксы, Кожо-Ата айылында<br>1918-ж.,Талас, Сары-Көбөн айылында<br>1935-ж. Талас, Кара-Буура айылында | Берилген тесттик тапшырмаларды аткарышат. Тестти аткарып бүткүн соң, бири-биринин тесттин текшеришет, туура жоопторун белгилешет. |

| | | |
|---|---|---|
| 2 мүн.<br><br><br><br>22 мүн. | **III. Жаңы темага өбөлгө түзүү:**<br>Сууга байланыштуу кыргыз элинде колдонулган ырым-жырымдар жөнүндө эмне билесиңер?<br>**IV. Жаңы тема:**<br>Окуучуларды эки топко бөлүү.<br>(Окуучулар таркатмалар аркылуу топторго бөлүү.)<br>ББКБ таблицасын толтуруу.<br>Окуучуларга видео-ролик көрсөтүлөт. («Аккан суу» чыгармасы «Маржан» тобунун аткаруусунда)<br><br>**1-тапшырма**<br>1-топ:<br>Суунун оң жана терс сапаттарын, касиеттерин изилдешет. Кластер түзүлөт.<br><br><br><br><br>2-топ:<br>Суунун пайда болушу, түзүлүшү, Кыргызстандагы суулар жөнүндө изилдешет.<br><br><br>**2-тапшырма:**<br>«Аккан суу» чыгармасын көркөм окуу.<br>Жогоруда силер изилдеген суроолор боюнча Жеңижок акын «Аккан суу» ырында эмне деп айтты экен?<br><br>1-топ:<br>Ырга текстологиялык талдоо жүргүзүү.<br><br><br>2-топ:<br>Башка акындар жараткан ушул темадагы үлгүлөр менен салыштыргыла. | Сууга байланыштуу ырым-жырымдарды, салттарды айтышат.<br><br>Топторго бөлүнүшөт.<br>Презентация жасашат.<br><br><br>ББКБтаблицасын толтурушат.<br><br>Видео-ролик көрүшөт.<br><br>Топтор берилген тапшырмаларды аткарышат.<br>1-топ суунун оң жана терс касиеттерин кластер аркылуу түшүндүрөт.<br><br><br>2-топ суунун пайда болушун, түзүлүшүн, Кыргызстандагы суулар жөнүндө айтышат.<br><br>«Аккан суу» чыгармасын көркөм окушат.<br><br><br><br><br>1-топ ырдын текстине текстологиялык талдоо жүргүзүшөт.<br><br><br>2-топ башка акындардын аккан суу темасындагы үлгүлөр менен салыштырышат. |

| | | |
|---|---|---|
| <br><br><br><br><br><br><br>5 мүн. | **3-тапшырма**<br>- Чыгармачылык менен «Аккан суу» темасын ачып бергиле.<br>1-топ:<br>2-топ:<br><br>**V. Бышыктоо:**<br>ББКБ таблицасын толтуруу менен сабак бышыкталат.<br><br>**VI. Жыйынтыктоо:** | «Аккан суу» темасын чыгармачылык менен ачып беришет. Суу жөнүндө ырдашат, сүрөт тартышат ж.б.у.с.<br><br><br>ББКБтаблицасын толтурушат |
| <br>3 мүн. | Азаматсыңар, алтындарым, бүгүн биз Аксыдан чыккан Жеңижок акындын чыгармачылыгында орчундуу орду бар «Аккан суу» чыгармасынын маани-маңызын аңдап билдик, түшүндүк.<br>Табият көрүнүштөрүнө болгон акындык жеке мамилени билдирип, философиялык ой чабытын чагылдырган акындар кыргызда көп кездешет. Өзгөчө аккан суу темасын 6 күн айтса түгөнбөгөн Токтогул, Барпы, Байымбет, Эшмамбет, Эсенаман өңдүү даанышман акындар жашаганын билесиңер. Жеңижок да бул акындык позициядагы бул салтты улантуучусу болуп эсептелет. «Замандаштарынын айтымында, - дейт Ч.Айтматов – ал (Жеңижок) жалаң агын суунун өзүн 7 күн сүрөттөп түгөтө алчу эмес экен. Мен бул сөздө эч апыртуу жок деп ойлойм». Демек, «Аккан суунун» толук варианты бизге толук жеткен эмес жана бул цитатадан биз акындын даанышмандыгын, акындык чеберчилиги өтө чекке жетип, феномен экендигин байкайбыз.<br>Адамзат пендеси,<br>Аккан сууну кордобо!<br>Суу сыйлаган зор болор,<br>Суу кордогон кор болор, – деп зор философиялык мааниси бар ыр саптарын жаратуу менен, Адамзат жашоосунда, дегеле Жер планетабыздын жашоосунда суунун баалуулугун, ыйыктыгын туюнтат, ал эми сууга туура эмес мамиле жасоо менен өз жашообузга, ден соолугубузга, Жер планетасына кыянатчылык кыларыбызды айтып жатат. | Мугалимдин жыйынтыктоо сөзүн угушат, түшүнүшөт. |

| | | |
|---|---|---|
| | Балдар, бүгүн биз айтылуу акын Жеңижоктун «Аккан суу» чыгармасынын маани-маңызын талдоо менен агын суунун жашообуздагы ордун, баалуулугун түшүндүк жана аны таза сактоого, үнөмдөөгө, коргоого тарбияландык деп ойлойм.<br>Келгиле, балдар, бүгүндөн тарта сууга этият мамиле жасап, үнөмдөп пайдаланалы, башкаларды да ушуга тарбиялайлы.<br>Ай аккан суу, аккан суу,<br>Ай ааламды баккан суу.<br>Сыр дарыядан кең туруп,<br>Сыр аякка баткан суу – деп акын атабыз айтып кеткендей сабак башында аруу тилектерибизди айтып кеткен сыр аяктагы суубуздан, тилеген тилек, каалаган максаттарыбыз ишке ашсын, аткарылсын, өзүбүз суудай бийик, денебиз суудай таза, акыл-эсибиз суудай тунук болсун, оомийин (суудан даам татышат) | Жеңижок «Аккан суу»<br><br>Бири-бирин баалашат |
| 1 мүн. | **VII. Тапшырма:**<br>Жеңижок «Аккан суу» чыгармасын жаттоо. «Сууну кантип үнөмдөйбүз жана аны кантип таза сактайбыз» деген темада долбоор түзүп келүү. | |
| 2 мүн. | **VIII. Баалоо:**<br>Топтордун алган бааларын эсептөө, жеңген топту белгилөө. | |

9-класс Кыргыз адабияты

**Сабактын темасы:** Мекенге болгон кусалыктын берилиши

(А.Саспаев «Татым туз» аңгемеси)

| **Сабактын максаты:** | **Көрсөткүчтөр:** |
|---|---|
| а) Окуучулар А.Саспаевдин «Татым туз» аңгемесиндеги Мекенге болгон кусалык,сагынуу темасын түшүнүшөт,талдашат.Чыгармада чагылдырылган тарыхый доор жөнүндө түшүнүк алышат.<br><br>б) Чыгарманы окуу менен ой жүгүртүүсүн, аң-сезимин, тапшырмаларды аткаруу аркылуу тапкычтыгын, шамдагайлыгын, окуп түшүнүүсүн, түшүнүгүн эркин, көркөм айта билүү жөндөмүн өстүрүшөт.<br><br>в) Мекендин улуулугун, ыйыктыгын билүүгө, аны сүйүүгө, коргоого, Мекен үчүн кызмат кылууга тарбияланышат. Адилет, калыс боло алышат, сын баа берүүгө үйрөнүшөт. | - «Татым туз» аңгемесинде берилген Мекенге болгон кусалык темасын түшүнө алышса;<br>- Чыгармада чагылдырылган тарыхий доор жөнүндө түшүнүк алышса;<br>- Өз оюн көркөм, так айтып, сөз байлыгы өссө;<br>-Сабакта бири-биринин пикирин угууну,сылык мамиледе болууну үйрөнүшсө;<br>-Мекенге болгон сүйүү, сыймыктануу сезимин билдире алышса; |

**Сабактын тиби:** Аралаш сабак

**Сабактын формасы:** Топ менен иштөө

**Сабактын усулу:** Интерактивдуу, дедуктивдүү

**Предмет аралык байланыш:** Тарых,кыргыз тили,музыка,

көркөм өнөр, адеп, география,ж.б.

**Сабактын жабдылышы:** Таркатмалар, сүрөттөр, слайд, ватман, маркер ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

| **Убакыт** | **Мугалимдин ишмердүүлүгү:** | **Окуучунун аракети:** |
|---|---|---|
| 3 мүн. | **I. Уюштуруу:**<br>Саламдашуу. Класска көзөмөл жүргүзүү, окуучуларды жоктоо. Класска жагымдуу маанай тартуулоо. (Мээге чабуул)<br>Элдик педагогикага негизделген «Алтын эреже» менен тааныштыруу.<br>Баалоо баракчасы менен тааныштыруу (окуучулар өзүн-өзү баалоо).<br>Класс топторго бөлүү:<br>1-топ: Көркөм чыгармачылдар тобу<br>2-топ: Изилдөөчүлөр тобу<br>3-топ: Сүрөтчүлөр<br>Топтогу окуучулар тобуна ат коюу, презентация жасоо.<br>**II. Үй тапшырмасын бышыктоо:** | Саламдашышат.<br>Окуу куралдарын алышып,сабакка даярданышат.<br>Мекен жөнүндө макал, цитата айтышат.<br>«Алтын эреже» менен таанышышат.<br>Баалоо баракчасы менен таанышышат.<br>Топторго бөлүнүшөт, ага ат коюшат жана презентация жасашат |
| 6 мүн. | Таркатмалар менен иштөө:<br>1. А.Саспаевдин өмүрү, чыгармачылык жолундагы маанилүү учурларды айткыла.<br>2. Кандай чыгармалары бар?<br>3. Жазуучунун сүйүктүү жанры кайсы?<br>4. «Татым туз» аңгемесин аңгеме-трагедия деп атоого болобу?<br>5. Келгинбайдын: «Мен көргөн кордугума ызаланбадым, элден, жерден адашып калганыма ызаландым», - деген сөзүн кандайча түшүнөсүң?<br>6. Келгинбайдын акыркы үмүтү эмнеде эле? | Таркатмадагы суроолорго жооп беришет.<br>Топтор жоопторду өздөрү баалашат. |

<table>
<tr>
<td>2 мүн.<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>22 мүн.</td>
<td>
III. Жаңы темага өбөлгө түзүү.<br><br>
«Мекенди сагынуу»<br><br>
Манас Абдырахманов<br><br>
Мээрим төккөн түнөгүм,<br>
Мекеним менин жүрөгүм.<br>
Мээнетин тартып турмуштун,<br>
Мекенден ыраак жүрөмүн.<br>
Сагындым туулган айылды,<br>
Сагындым арча-кайыңды.<br>
Суктанып тосоор күн барбы,<br>
Супасын аткан таңымдын?<br>
Алысмын, сенден алысмын,<br>
Ата Журт сенсиз жабыктым.<br>
Караанына зар болуп,<br>
Каректен жашым агыздым.<br>
IV. Жаңы тема<br><br>
Мекенге болгон кусалыктын берилиши<br><br>
(А. Саспаев «Татым туз» аңгемеси)<br><br>
Окуучулардын тема боюнча билими сынчыл ойлоо стратегиясы аркылуу талданат.<br><br>
<table>
<tr><th>Билем</th><th>Билгим келет</th><th>Билдим</th></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>
<br>
Топторго берилүүчү суроолор жана тапшырмалар:<br><br>
1. Мекен деген эмне?<br>
2. Чыгармада Келгинбайдын Мекенден ажырап калышына эмне себеп болгон?<br>
3. Чыгармада чагылдырган тарыхый доор жөнүндө эмне билесиңер?<br>
4. Мекенге болгон кусалык кандай учурда билинет жана анын чыгармада берилиши?
</td>
<td>
Окуучулар Манас Абдырахмановдун «Мекенди сагынуу» деген ырынын тематикасын талдашат, сабактын темасын аныкташат.<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>
Окуучулар билген, билгиси келген суроолорун таблицага белгилешет.<br><br><br><br>
Топтор суроолорго жооп беришет жана тапшырмаларды аткарышат.<br><br><br><br><br>
Сахналаштырышат, ырларды көркөм окушат, сөздүктөр жана терминдер менен иштешет.
</td>
</tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| 6 мүн. | 5. Мекен жана Мекенге болгон кусалык жөнүндө чыгармалар…<br>6. Татым туз жана кусалыктын байланышы эмнеде?<br>7. Келгинбайдын ордуна өзүңдү коюп элестетип көрчү…<br>8. Азыркы күндүн Келгинбайлары жөнүндө эмне айта аласыңар?<br>**V. Бышыктоо**<br>Топторго берилүүчү тапшырмалар:<br>1-топ: Келгинбайдын образы боюнча кластер түзүү.<br>2-топ: «Татым туз» аңгемеси боюнча кроссворд түзүү.<br>3-топ: «Мекен» сөзүнө синквейн түзүү. | Тарыхый доорго баа беришет.<br><br>Теманын айланасында сүрот тартышат.<br><br>Сабакты кластер, кроссворд, синквейн түзүү менен бышыкташат. |
| 4 мүн. | **VI. Жыйынтыктоо**<br>Мекен…<br>Адам баласы канчалык бийиктиктерди багынтып, атак-даңкка жетсе да, жер кыдырып, бул дүйнөнүн кызыгынан кечип, тентип кетсе да, Мекенге болгон тартылуусу, ага болгон сагынычы, кусалыгы эч качан жоголбойт.<br>Мекен – бул адам баласынын алгачкы кадам шилтеп аттанаарда акыры барып акыркы дем менен жыгылаар жери. Залкар жазуучубуз Ч.Айтматов: «Мекенди алып кетүүгө болбойт, болгону кусалыгын гана алып кетүүгө болот. Эгерде мекенди кап сыяктуу ташып жүрүүгө болгондо, анда анын кадыры түккө да турбайт болуучу,» - деп таамай баа берген. Дал ошол Мекендин нанын жеп, суусун ичип, абасын жутуп, эр жеткен соң, мекенден алыста жүрүп, андан айрылып калуу адам учүн эң чоң трагедия болуп эсептелет. Мекендин ыйыктыгы, баалуулугу качан гана андан алыстаганда гана билинери баарыбызга | Мугалимдин Мекен жана Мекен кусалыгы жөнүндө айткан жыйынтыктоо сөзүн угушат жана түшүнүшөт. |

<table>
<tr>
<td><br><br><br>1 мүн.<br><br>1 мүн.</td>
<td>белгилүү. «Колдо бар алтындын баркы жок» деп ошондуктан айтылып калса керек. Байыртадан эле адам тарыхында Мекенден алыста жүрүп, андан ажырап калган адамдар көп эле кездешет. Алардын аянычтуу тагдыры жөнүндө көптөгөн чыгармалар жазылды, эл оозунда кеп болуп айтылып калды. Ошолордун мисалында Мекендин баалуулугун, улуулугун, ыйыктыгын кийинки муундарга тарбия катарында үйрөтүү адамзаттын эң негизги милдети болуп эсептелинет. А.Саспаевдин «Татым туз» аңгемесиндеги Келгинбайдын тагдыры бир гана адамдын тарыхы эмес, бул жалпы адамзаттын тарыхы. Демек, качан гана туулган жерден алыста жүрүп, анын кадырын, баасын билбестен, бүгүнкү күнү дал азыр, ушул жерден Мекенибиздин баасын билип, анан кадырына жетүү үчүн атуулдук милдетибизди аткара баштайлы.<br><br>Сабакты жыйынтыктап жатып, силерге Ч.Айтматовдун сөзүнө жазылган «Ысык-Көлдү сагынуу» деген ырды угузууну туура көрдүм. Анда эмесе ырга көңүл бурабыз. («Ысык-Көлдү сагынуу» ыры угузулат).<br><br>
<table>
<tr><th>Билем</th><th>Билгим келет</th><th>Билдим</th></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>
<br>VII. Үй тапшырмасы:<br>«Мекендин татым тузунун сыры» деген темада толгонуу дил баянын жазуу.<br><br>VIII.Баалоо</td>
<td>«Ысык-Көлдү сагынуу» деген ырын угушат.<br><br>Сынчыл ойлоо стратегиясы таблицасынын билдим бөлүгү толтурулат.<br><br>Үй тапшырмасы жөнүндө маалымат алышат, күндөлүкторүнө жазышат<br><br>Окуучулар өзүн-өзү баалашат</td>
</tr>
</table>

